Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы

# Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама

## 2007-жылдын III чейреги

## 3 (25)

2007-жылдын ноябрь айы

Бишкек

*Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама*

Редакциялык кеңеш:

Төрага: Абдыбалы тегин Суеркул.
Кеңештин мүчөлөрү: Цыплакова Л.
Молдоканов Ш.
Урустемов С.
Сейткасымова Р.

Жооптуу катчы: Имаралиева Н.

Басылманын мазмунуна байланыштуу маселелер боюнча:
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкына
Бишкек шаары, Т.Үмөталиев атындагы көчө, 101 дареги боюнча,
(996 3312) 66-90-52 телефону,
(996312) 61-07-30 факсы аркылуу кайрылсаңыздар болот.
Электрондук почта: nimaralieva@nbkr.kg

Басылманын таркатылышына байланыштуу суроолор боюнча:
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын
Тышкы жана коомдук байланыштар бөлүмүнө
Бишкек шаары, Т.Үмөталиев атындагы көчө, 101
дареги боюнча,
(996 3312) 66-90-09 телефону,
(996312) 61-07-30 факсы аркылуу кайрылсаңыздар болот
Электрондук почта: pr@nbkr.kg
http://www.nbkr.kg

Басылма республикадагы жана анын региондорундагы керектөө бааларынын динамикасынын чагылдырылышын жана инфляциянын негизги факторлорун иликтөөлөрдү, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын акчакредит саясат жагындагы чечимдери жөнүндө маалыматты камтыйт жана анда келерки мезгилге инфляциялык болжолдоолор келтирилет. Чейрек сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланып турат.

Басылманын маалыматтарын жаңыртуунун акыркы күнү: 2007-жылдын 2-ноябры.

Уюштуруучу: Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы.

Басылма Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинде каттоодон өткөрүлгөн, жалпыга маалымдоо каражаттарын каттоо жөнүндө 2001-жылдын 2-ноябрындагы 628-номериндеги күбөлүккө ээ.

“UnitPrint” басма борборунда басууга даярдалды жана басылып чыгарылды.

300 нускада чыгарылат.

© Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, 2007-жыл.

Басылма Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын уруксатысыз кайрадан басылып чыгарылууга жана кайсыл формада жана кандай каражаттар аркылуу болбосун таркатылууга тийиш эмес. Басылманы көчүрүп басууда жана которууда «Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама» басылмасына милдеттүү түрдө таянуу зарыл.

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын басылмалары

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жылдык отчету***

Аталган басылма Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын өткөн жылдын ичинде бүткөргөн иши жөнүндө отчету болуп саналат. Ал республиканын экономикалык өнүгүүсү, Улуттук банктын акчакредит саясаты жөнүндө кыскача маалыматты, финансылык отчетун, Улуттук банк жөнүндө жалпы маалыматтарды, статистикалык тиркемелерди камтыйт. Кыргыз, орус жана англис тилдеринде басылып чыгарылат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын бюллетени***

Ай сайын чыгарылуучу маалыматтык басылма Кыргыз Республикасынын негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрү жана экономика секторлору боюнча статистикалык маалыматтарды камтыйт. Ай сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарык көрөт.

***Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми***

Басылма Кыргыз Республикасынын тышкы секторунун өнүгүшүндөгү тенденцияларды жана төлөм теңдеми, тышкы соода, эларалык камдар, тышкы карыз, эларалык инвестициялык позициясы боюнча маалыматтарын камтыйт. Басылма чейрек сайын – январь, май, июль жана октябрь айларында кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланып турат.

***Банк тутумунун өнүгүү тенденциялары***

Кыргыз Республикасынын банк тутумунун өнүгүшүнө финансылык ортомчу катары иликтөөлөрдү жүргүзүү, турукташууга жетишүүдө жана аны колдоп турууда орун алган тоскоолдуктарды, ошондой эле бүтүндөй банк тутумунун турукташуусунун курамдык элементтерине баа берүү аталган басылманын максаты болуп саналат. Басылма жарым жылда бир жолу кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик актылары***

Басылма коммерциялык банктарга жана коомчулукка Улуттук банктын иши жөнүндө маалыматтарды берип туруу жана Кыргыз Республикасынын банктык мыйзамдарын пропагандалоо максатында, Улуттук банктын ченемдик актыларын расмий жарыялоого багытталган. Айына бир жолу кыргыз жана орус тилдеринде чыгарылат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын пресс-релизи***

Улуттук банктын пресс-релизи жалпыга маалымдоо каражаттары, юридикалык жактар жана жеке адамдар үчүн Улуттук банкка жана банк тутумуна тиешелүү окуялар түрмөгүн жана финансы рыногунда апта ичинде болуп өткөн орчундуу жана башка маалыматтарды камтыйт. Апта сайын кыргыз жана орус тилдеринде жарыяланат.

МАЗМУНУ

1. УЧУРДА ОРУН АЛГАН ТЕНДЕНЦИЯЛАР ........ 5

2. КЕРЕКТӨӨ БААЛАРЫНЫН ИНДЕКСИ ЖАНА АНЫ ТҮЗҮҮЧҮЛӨР ........ 7

2.1. КЕРЕКТӨӨ БААЛАРЫНЫН ИНДЕКСИН ТҮЗҮҮЧҮЛӨР ........ 7

2.2. КЕРЕКТӨӨ БААЛАРЫНЫН РЕГИОНДОР БОЮНЧА ДИНАМИКАСЫ ........ 12

3. ИНФЛЯЦИЯ ФАКТОРЛОРУ ........ 13

3.1. АКЧА ТОПТОМДОРУ ........ 13

3.2. ПАЙЫЗДЫК ЧЕНДЕР ........ 15

3.3. АЛМАШУУ КУРСУ ........ 17

3.4. СУРОО-ТАЛАП ЖАНА СУНУШ ........ 19

4. АКЧАКРЕДИТ САЯСАТЫ БОЮНЧА НЕГИЗГИ ЧЕЧИМДЕР ........ 25

4.1. УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫНЫН НЕГИЗГИ ЧЕЧИМДЕРИ ........ 25

4.2. АКЧАКРЕДИТТИК ЖӨНГӨ САЛУУ КОМИТЕТИНИН НЕГИЗГИ ЧЕЧИМДЕРИ ........ 26

4.3. 2007-ЖЫЛДЫН ТӨРТҮНЧҮ ЧЕЙРЕГИНДЕ КҮТҮЛҮҮЧҮ ИНФЛЯЦИЯГА БАА БЕРҮҮ ........ 28

# 1. УЧУРДА ОРУН АЛГАН ТЕНДЕНЦИЯЛАР

2007-жылдын үчүнчү чейрегинде керектөө бааларынын ушул мезгил үчүн мүнөздүү болгон өсүшү байкалып, негизинен бул азыктүлүктөрдүн кымбаттоосунун натыйжасында келип чыккан. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин маалыматтары боюнча инфляция[1] жыл башынан бери 10, 3 пайызды түзгөн (2006-жылдын сентябрь айынан декабрь айына карата).

Инфляциянын жалпы деңгээли монетардык[2] сыяктуу эле, монетардык эмес[3] факторлордун таасири астында түптөлгөн. Улуттук банктын баа берүүсү боюнча, банктардан тышкаркы акчалардын көлөмүнүн жана сомдун алмашуу курсунун өзгөрүүсүн камтыган монетардык факторлордун таасири 7,7 пайызды түзгөн. Калктын инфляциялык күтүүлөрү 8,4 пайыз өлчөмүндө таасир эткен. 83,9 пайызды түзгөн монетардык эмес факторлор инфляциянын түптөлүүсүнө эң чоң салым кошкон.

**1.1-сүрөт. Инфляция факторлорунун салымы**




Короого алынган мезгил ичинде инфляция динамикасы четөлкө валютасын үстөк сунуштоо, кредиттик ресурстарга карата суроо-талаптын жогору болушу, экономикалык жигердүүлүктүн өсүшүнүн уланышы жана мамлекеттик бюджеттен күндөлүк керектөөлөргө чыгашалардын көбөйүшү шартында түптөлгөн.

Кыргыз Республикасынын соода балансынын тартыштыгы 2007-жылдын үчүнчү чейрегинин жыйынтыгы боюнча 276,2 млн. АКШ долларын

[1] Керектөө бааларынын индексинин (КБИ) өзгөрүүсү.

[2] Монетардык факторлордун салымына баа берүү сомдун алмашуу курсунун жана банктардан тышкаркы акчалардын (М0) өзгөрүүлөрүнүн, мезгил аралыгын жана сезондуулук факторлорун эске алганда, инфляция деңгээлине тийгизген таасиринин салымына баа берүүнү түшүндүрөт.

[3] Монетардык эмес факторлордун салымына баа берүү өндүрүүчүлөрдүн баасынын, нан азыктарына, алкоголь ичимдиктерине, бензинге баалардын, туракжай коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрүнө, байланыш жана жүргүнчүлөрдү ташуу транспорт кызмат көрсөтүүлөрүнө баалардын өзгөрүүлөрүнүн, тыныгуу мезгил аралыгын жана сезондуулук факторлорун эске алганда, инфляция деңгээлине тийгизген таасиринин салымына баа берүүнү түшүндүрөт. Инфляциялык күтүүлөрдүн салымына баа берүү инфляциялык инерция көрсөткүчтөрүнүн салымына баа берүүнү, башкача айтканда таасир этүү коэффициентин корректировкалоо менен өткөн мезгилдин инфляциясын түшүндүрөт.

түзүп, тышкы соода жүгүртүү экспорттун көбөйүүсүндөй эле, импорттун көбөйүү эсебинен өскөн.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджети профицит менен аткарылып, бул бир жагынан, экономиканын бир кыйла жогорку өсүш арымынын натыйжасында бюджеттик түшүүлөрдүн көбөйүшү, экинчи жагынан, мамлекеттик чыгашалардын алгылыктуу каржылануусу менен шартталган. Ушундай болсо да, эмгек акыларга, жөлөк пулдарга жана Социалдык фондго чегерүүлөргө карата бюджеттик чыгашалардын өсүшү уланууда.

Калктын кирешелеринин көбөйүүсү жана экономикалык субьекттердин иш-аракетинин жигердүүлүгүнүн артышы алкагында чогуу алгандагы суроо-талаптын өсүшү керектөөнүн өсүшүнө жана кредиттик ресурстарга суроо-талаптын көбөйүүсүнө түрткү болгон. Өз кезегинде, ИДПнын өсүш арымынын ылдамдашы, кредиттик ресурстарга жогору болгон суроо-талап негизинен валюта каналы аркылуу жүргөн акча сунушунун өсүшүн шарттаган. 2007-жылдын үчүнчү чейрегинде акча базасынын өсүшү 7,5 пайыз, М2Х акча массасы -10,1 пайыз чегинде катталган.

# 2. КЕРЕКТӨӨ БААЛАРЫНЫН ИНДЕКСИ ЖАНА АНЫ ТҮЗҮҮЧҮЛӨР

## 2.1. КЕРЕКТӨӨ БААЛАРЫНЫН ИНДЕКСИН ТҮЗҮҮЧҮЛӨР

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин маалыматтарына ылайык 2007-жылдын үчүнчү чейрегинде инфляция деңгээли 5,5 пайызды түзсө, 2006-жылдын үчүнчү чейрегинде керектөө баалары 1,5 пайызга төмөндөгөн. Керектөө бааларынын индексинин өсүшү өткөн чейректегиге салыштырганда 3,4 пайызды, өткөн жылдын тиешелүү чейрегиндегиге караганда – 9,9 пайызды түзгөн.

Баанын жалпы деңгээли азыктүлүктөргө (атап айтканда, нан, сүт азыктарына, майга жана тоң майга, эт азыктарына) жана калкка акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрдүн айрым түрлөрүнө (билим берүү, коомдук тамактануу кызмат көрсөтүүсү) карата баанын жогорку өсүш арымы менен аныкталган. Инфляция жылдык эсептөөдө 13,1 пайыз деңгээлинде түптөлүп, мында товарларга баанын өсүшү 13,8 пайызды түзгөн, ал эми кызмат көрсөтүүлөр 7,1 пайызга кымбаттаган.

**2.1-сүрөт. Инфляциянын жылдык динамикасы жана аны түзүүчүлөр**




Отчеттук мезгил ичинде «тамакаш азыктары жана алкоголсуз ичимдиктер» өңдүү товарлардын кымбатташы керектөө бааларынын өсүшүнүн башкы себеби болуп калган. Товарлардын аталган тобуна баанын өсүшү 2006-жылдын үчүнчү чейрегиндегиге салыштырганда 13,5 пайыздык пунктка көбөйүү менен 9,1 пайызды түзгөн. Мында сезондуулук фактору инфляция арымын ооздуктоону шарттай алган эмес. Ошондуктан, азыктүлүктөргө баа динамикасы, адегенде, тышкы таасирлердин, тактап айтканда данга, өсүмдүк майына, сүт азыктарына дүйнөлүк баанын өсүшүнүн негизинде түптөлгөн.

Мына ошол азыктүлүктөр керектөө куржунунда 60 пайызга жакынды ээлей турганын белгилеп кетүү зарыл.

Суроо-талаптын жана сунуштун түзүмүнүн өзгөрүп турууcу дүйнөлүк

**2.2-сүрөт. КБИ түзүмү**




рыноктордо баанын өсүшүнүн негизги себептеринин бири болуп саналат. Азия мамлекеттеринин айрымдарында (Индия, Кытай) тамакаш азыктарын керектөө көбөйүп жатканы менен аларды сунуштоо болжол менен мурдагы эле деңгээлде калууда. Экинчиден, энергоресурстарынын, атап айтканда, мунайдын наркынын болуп көрбөгөндөй жогорулашы олуттуу таасир эткен, бул айылчарба техникалары үчүн күйүүчү майлоочу майдын жана азыктүлүктөрдү ташып жеткирүү наркынын жана малчарбасы үчүн тоюттун кымбатташына алып келет.

Жүгөрү, кара буудай, кант жана пальма майы кошундусунан биоотунду өндүрүп чыгаруу тажрыйбасынын барган сайын кулач жайышы дагы баа динамикасына олуттуу таасир этет.

Бул аз келгенсип, ушул жылы алдынкы экспортер өлкөлөрдө, атап айтканда, Канадада жана Австралияда буудай түшүмүнүн өтө начар болгондугунан улам аны сунуштоонун кыскарышы шартында суроо-талап көбөйөт.

Натыйжада, Кыргызстанда ушул жылдын август айында (июль айында башталган өсүш алкагында) «нан азыктарына жана талканга» баанын кескин жогорулоосу катталган; сентябрь айында баанын өсүшү уланып, 2007-жылдын бүтүндөй үчүнчү чейреги ичинде 33,8 пайызды түзгөн. Анын ичинде биринчи сорттогу буудай уну жана нан тиешелүүлүгүнө жараша 49,8 жана 41,3 пайызга кымбаттаган. Республикабызда дан эгиндеринин түшүмүнүн төмөндөшү жана айдоо аянттарынын кыскарышы баанын өсүшүн күчөткөн фактор болуп калган жана анын натыйжасында акыркы жылдары аларды дүңүнөн жыйноонун кыскаруусунун туруктуу тенденциясы да байкалууда. Дан эгиндерин өндүрүү (алгач кабыл алынган салмакта) 2007-жылдын 1-октябрына карата өткөн жылдын тиешелүү мезгилиндегиге салыштырганда 5,8 пайызга, анын ичинде буудай өндүрүү -18,0 пайызга кыскарган. Керектөө баасынын жалпы өсүшүнө товарлардын бул тобунун баа берүү боюнча салымы 5,2 пайыздык пункт чегинде түзүлгөн.

Дан эгиндери рыногунда коньюнктуранын өзгөрүүсү өндүрүлүүчү продукцияларга да таасир эткен. Алсак, дан эгиндеринин кымбаттоосунан улам жем-чөптүн наркы өсүп, атап айтканда, этке, эт азыктарына жана

***Маалымат үчүн:***

(1) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 23-октябрындагы №504 токтому менен Кыргыз Республикасынын «2008-2010 жылдарда буудай үрөнүнүн сапатын жакшыртуу боюнча» Мамлекеттик программасы жана бул Программаны жүзөгө ашыруу боюнча иш-чаралар планы бекитилген. Бул чечим республикадагы буудайдын жогорку сорттогу үрөнүн өндүрүүгө жана сатууга адистештирилген үрөнчүлүк чарбаларынын иш шарттарын жакшыртуу, буудай өстүрүү көлөмүн көбөйтүү, үрөндүн түшүмдүүлүгүн жана чарбалык пайдалуулук касиетин жогорулатуу, ошондой эле айылдык товар өндүрүүчүлөрдү буудай себүүчү жогорку сапаттагы материалдар менен камсыз кылуу максатында кабыл алынган.

(2) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 18-октябрындагы №474 «Рынокту дан азыгы, ун жана өсүмдүк майы менен камсыз кылуу боюнча кечиктирилгис чараларды көрүү тууралуу» токтому кабыл алынган. Бул токтом менен азыктык буудай данын, унду, өсүмдүк майын импорттоодо Кыргыз Республикасынын бажы аймагында кошумча наркка 10 пайыз өлчөмүндө салыктык чен белгиленген. Ошондой эле, ун, нан азыктарын жана өсүмдүк майын өндүрүп чыгарууда жана аны андан ары берүүдө кошумча наркка 10 пайыз өлчөмүндө салык чени киргизилген.

(3) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 5-октябрындагы №448 токтому менен убактылуу чара катары Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик сатып алуу жана материалдык резервдер боюнча мамлекеттик агенттиктин Мамлекеттик материалдык резервдер фонду тарабынан республикага 50 миң тонна көлөмүндө алынып келинген жана мамлекеттик резервге каралган азык буудай даны боюнча кошумча наркка нөлдүк чен белгиленген.

жумурткага баанын өсүшү дагы ушуну менен түшүндүрүлөт. 2007-жылдын үчүнчү чейрегинде эт жана эт азыктарына баа, малчарба азыктарын өндүрүүнүн айрым бир көбөйүүсүнө карабастан, 6,9 пайызга (2006-жылдын тиешелүү мезгилинде -1,6 пайызга) өскөн. Балыкка баанын өсүшү 1,7 пайызды түзгөн.

2007-жылдын үчүнчү чейрегинде «сүт азыктарына, сырга жана жумурткага» баа тездик менен өскөн. Азыктүлүктөрдүн бул тобу отчеттук мезгилде 20,4 пайызга кымбаттаган, бул болсо ушул жылдын экинчи чейрегиндеги 7 пайыздык дефляция жана 2006-жылдын үчүнчү чейрегиндеги 7 пайызга кымбаттоо алкагындагы абдан олутуу көрүнүш. Берилген баа боюнча товарлардын бул тобунун кымбатташы керектөө бааларынын жалпы өсүшүн 0,7 пайыздык пунктка камсыз кылган.

Майларга жана тоң майларга баа отчеттук чейректе 20,6 пайызга жогорулаcа, биринчи чейректе алар 2,4 пайызга, экинчи чейректе - 0,8 пайызга жогорулаган. Бул топтун баанын жалпы өсүшүнө салымы 0,4 пайыздык пункт чегинде катталган.

2007-жылдын июль-сентябрь айларында өткөн жылдын тиешелүү мезгилиндегиге салыштырганда жашылча-жемиш рыногундагы жагдай дээрлик өзгөргөн эмес. Алсак, 2006-жылдын үчүнчү чейрегинде дефляция 24,5 пайызды, ал эми 2007-жылы 25,2 пайызды түзгөн.

Кант наркынын төмөндөөсү, барынан мурда, 2006-жылдын биринчи

**2.3а сүрөтү. Азыктүлүктөргө баанын жылдык динамикасы**




чейрегиндеги кескин кымбаттоодон кийинки ага баанын коррекциялانышынан улам ишке ашкан. 2007-жылдын үчүнчү чейрегинде өткөн жылдын үчүнчү чейрегиндегиге караганда кумшекер 17,9 пайызга арзандаган болсо, 2006-жылдын үчүнчү чейрегинде 2005-жылдын тиешелүү чейрегиндегиге салыштырганда 30,6 пайызга кымбаттаган.

**2.3б сүрөтү. Азыктүлүктөргө баанын жылдык динамикасы**




Ушул жылдын үчүнчү чейрегинде алкоголь ичимдиктерине жана тамекилерге баанын өсүшү 0,9 пайыз чегинде катталган (2006-жылдын үчүнчү чейрегинде - 0,4 пайыз).

2007-жылдын үчүнчү чейрегинде азыктүлүктөн башка товарларга баа индекси 1,8 пайызга өскөн. Ушул жылдын май айынан бери күйүүчү-майлоочу материалдарга баанын жогорулашы байкалган; ал эми ушул эле жылдын үчүнчү чейрегинде КММга баа 8,1 пайызды түзгөн, анын ичинде бензинге баа -8,6 пайызга, дизель отунуна 6,2 пайызга өскөн. Мунайды кайра иштетүү заводдорунда чыгаруу баасынын өсүшүнө байланыштуу, ички рынокко негизги берүүчүлөрдүн бири тарабынан чекене жана дүң баанын көбөйүшү КММга баанын өсүшүнүн негизги себеби болуп саналат.

Отчеттук чейректе туракжайларды күтүү жана оңдоо үчүн материал-

дарга баанын өсүш арымы байкаларлык төмөндөгөн. Алсак, ушул жылдын экинчи чейрегинде алар 20,5 пайызга, ал эми үчүнчү чейректе 2,2 пайызга кымбаттаган. Бирок, 2006-жылдын үчүнчү чейрегиндегиге салыштырганда баа 28,1 пайызга өскөн, бул ички жана тышкы суроо-талаптын жогору болушу менен шартталган. Алсак, Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин маалыматтарына ылайык, 2007-жылдын январь-сентябрь айларында курулуштун дүң материалдарынын жалпы көлөмүнүн өсүшү 2006-жылдын тиешелүү мезгилиндегиге салыштырганда 39,2 пайызды түзгөн. Ал эми 2007-жылдын тогуз айында курулуш материалдарынын экспорту 41,4 пайызга көбөйгөн.

**2.4-сүрөт. Азыктүлүктөн башка товарларга баанын жылдык динамикасы**




Калкка акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө баанын индекси 2007-жылдын үчүнчү чейрегинде 4,2 пайызга (2006-жылдын үчүнчү чейрегинде 3,9 пайызга) өскөн. Билим берүү жагында кызмат көрсөтүүлөргө баанын отчеттук мезгилде кыйла өсүшү жаңы окуу жылынын башталышына байланыштуу болгон (12,5 пайызга); ресторан жана мейманкана кызмат көрсөтүүлөрү 4,5 пайызга кымбаттаган.

**2.5-сүрөт. Акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө баанын жылдык динамикасы**



## 2.2. КЕРЕКТӨӨ БААЛАРЫНЫН РЕГИОНДОР БОЮНЧА ДИНАМИКАСЫ

2007-жылдын үчүнчү чейрегинде республиканын бардык региондорунда баанын өсүшү жүргөн. Баанын олуттуу жогорулоосу Жалалабат (8,8 пайыз), Ош (7,4 пайыз) жана Баткен (6,2 пайыз) областтарында катталган. Бул аймактарда баанын өсүшүнүн негизги фактору катары азыктүлүктөргө баанын жогорулоосун кароого болот.

Бишкек шаарында баанын өсүшү 5,0 пайыз чегинде катталып, тамак-аш азыктары 8,9 пайызга кымбаттаган.

**2.6-сүрөт. Инфляциянын областтар боюнча жылдык динамикасы**



# 3. ИНФЛЯЦИЯ ФАКТОРЛОРУ

## 3.1. АКЧА ТОПТОМДОРУ

2007-жылдын сентябрь айынын акырына карата акча топтомдорунун жылдык номиналдык өсүш арымынын өзгөрүүсү, M2X кеңири мааниде колдонулуучу акча көлөмүнүн өзгөрүүсүн эске албаганда, 2006-жылдын тиешелүү мезгилиндеги деңгээлге жакын (2006-жылдын сентябрь айы 2005-жылдын сентябрь айына карата) болгон.

M2X кеңири мааниде колдонулуучу акча массасынын динамикасынын башка акча топтомдорунан айырмаланышы методологиялык өзгөртүүлөргө байланыштуу, аларга ылайык 2005-жылдын ноябрь айынан тартып M2X курамынан резидент эместердин депозиттери алынып салынат.

**3.1-сүрөт. Акча топтомдорунун жылдык номиналдык өсүш арымы**




### 3.1.1. Акча базасы[1]

2007-жылдын 1-октябрына карата акча базасы 27407,6 млн. сомду түзгөн жана номиналдык түрдө 2007-жылдын үчүнчү чейрегинде 7,5 пайызга, ал эми реалдуу алганда 1,9 пайызга көбөйгөн. 2007-жылдын сентябрь айынын акырына карата акча базасынын жылдык өсүшү номиналдык түрдө 40,9 пайызды, реалдуу мааниде 24,7 пайызды түзгөн.

Акча базасынын операциялар боюнча өзгөрүүсүнө (4608,8 млн. сом) Улуттук банктын операциялары негизги таасирди тийгизген, эң башкысы, алар Улуттук банк тарабынан жүргүзүлүүчү валюталык интервенциялардын (6320,8 млн. сом) эсебинен камдык акчалардын көлөмүн 6597,8 млн. сомго көбөйткөн. Өкмөттүн операциялары акча базасын 2004,6 млн. сомго кыскарткан, бул негизинен мамлекеттик бюджеттин кирешелеринин чыгашаларынан 1796,5 млн. сомго артышына байланыштуу болгон.

Акча базасынын түзүмүндө 2007-жылдын баш жагындагыга салыштырганда жүгүртүүдөгү нак акчалардын үлүшү ушул жылдын сентябрь айынын акырына карата 87,3 пайыздан 88,8 пайызга чейин көбөйгөн. Демек, коммерциялык банктардын Улуттук банктагы корреспонденттик эсеп-

[1] Коммерциялык банктардын Улуттук банктагы чет өлкө валютасындагы депозиттерин эсепке албаганда.

теринде турган каражаттарынын үлүшү 12,7 пайыздан 11,2 пайызга чейин төмөндөгөн.

Отчеттук мезгил ичинде жүгүртүүдөгү акчалар 8,2 пайызга көбөйүү менен 2007-жылдын 1-октябрына карата абал боюнча 24333,3 млн. сомду түзгөн. Жүгүртүүдөгү акчанын өсүшү жылдык мааниде 2007-жылдын сентябрь айынын акырына карата 42,3 пайызды түзгөн, бул өткөн жылдардагы өсүш арымынан айырмаланат (2006-жылдын сентябрь айынын 2005-жылдын сентябрь айына карата - 39,5 пайыз).

### 3.1.2. М2 топтому

2007-жылдын 1-октябрына карата М2 акча массасы 30125,1 млн. сомду түзгөн. 2007-жылдын үчүнчү чейрегинде М2 акча топтомунун көбөйүүсү номиналдык түрдө 8,3 пайызды жана реалдуу алганда 2,7 пайызды түзгөн. 2007-жылдын сентябрь айынын акырына карата М2 акча массасы жылдык мааниде номиналдык түрдө 43,7 пайызга, ал эми реалдуу алганда 27,2 пайызга көбөйгөн.

М2 акча топтомунун көлөмүнүн отчеттук мезгилде көбөйүүсү банктардан тышкаркы акчалардын 8,2 пайызга жана улуттук валютадагы депозиттердин 8,9 пайызга өсүшү менен шартталган. Мында, которулмалуу (талап боюнча төлөнүүчү) депозиттердин өсүшү 7,5 пайызды, ал эми башка (мөөнөттүү) депозиттердин өсүшү - 11,2 пайызды түзгөн. 2007-жылдын сентябрь айынын акырына карата улуттук валютадагы депозиттердин көбөйүүсү жылдык мааниде 51,2 пайызды түзгөн, бул өткөн жылдын тиешелүү мезгилиндеги өсүш арымынан олуттуу артат (39,0 пайыз).

### 3.1.3. М2Х топтому

Четөлкө валютасындагы депозиттерди камтыган М2Х акча массасынын көлөмү отчеттук мезгил ичинде 10,1 пайызга көбөйүү менен 2007-жылдын 1-октябрына карата 38537,3 млн. сомду түзгөн (2007-жылдын 1-июлуна карата 34995,6 млн. сом).

Отчеттук мезгилде кеңири мааниде колдонулуучу акча көлөмүнүн өсүшү коммерциялык банктардын[2] депозиттик базасынын[3] 13,3 пайызга жана банктардан тышкаркы нак акчалардын 8,2 пайызга көбөйүүсүнүн эсебинен жүргөн. Мында четөлкө валютасындагы депозиттердин көлөмү 17,1 пайызга көбөйүп, жылдык мааниде алганда алардын 32,3 пайызга өсүшү катталган (2007-жылдын сентябрь айынын 2006-жылдын сентябрь айына карата). Салыштыруу үчүн: 2006-жылдын үчүнчү чейрегинде бул көрсөткүчтүн 10,8 пайызга көбөйгөндүгү, ал эми жылдык мааниде алганда 20,2 пайызга төмөндөшү катталган (2006-жылдын сентябрь айы 2005-жылдын сентябрь айына карата).

Отчеттук мезгилде М2Х акча массасынын түзүмү 2007-жылдын баш-

---

[2] Резиденттик белги эске алынган коммерциялык банктар үчүн Бухгалтердик эсепке алуунун эсептер планынын жаңы редакциясы кабыл алынгандыгына байланыштуу 2005-жылдын 1-октябрынан тартып резидент эместердин депозиттерин жана кредиттерин эсепке алуу методологиясына өзгөртүүлөр киргизилген, алар резидент эместерге карата милдеттенмелер жана талаптар катары чагылдырылат (акчакредит жана финансы статистикасы боюнча методологияга жана колдонмого ылайык).

[3] Лицензиясы кайтарылып алынган, бирок жоюу процесси аягына чыга элек коммерциялык банктардын маалыматтарын эске алуу менен.

талышындагыга салыштырганда төмөнкүдөй өзгөрүүгө дуушар болгон:

- банктардан тышкаркы нак акчалардын үлүшү 60,0 пайыздан 60,8 пайызга чейин көбөйгөн (2007-жылдын 1- июлуна карата - 62,1 пайыз);
- улуттук валютадагы депозиттердин үлүшү 14,5 пайыздан 17,0 пайызга чейин көбөйгөн (2007-жылдын 1-июлуна карата 17,2 пайыз);
- четөлкө валютасындагы депозиттердин үлүшү 25,5 пайыздан 22,2 пайызга чейин төмөндөгөн (2007-жылдын 1-июлуна карата 20,7 пайыз).

Финансылык ортомчулук деңгээлин мүнөздөгөн кеңири мааниде колдонулуучу акча мультипликатору жыл башындагыга салыштырганда төмөндөгөн жана 2007-жылдын 1-октябрына карата 1, 406 түзгөн (2007-жылдын 1-июлуна карата 1,373).

Туруктуу алмашуу курсу боюнча четөлкө валютасындагы депозиттерди камтыган M2X кеңири мааниде колдонулуучу акчалардын жүгүртүлүш ылдамдыгы 2007-жылдын 1-октябрына карата 4,0 (ушул эле жылдын 1-январына карата – 4,5). Экономиканы монетизациялоонун M2X акча топтому боюнча эсептелген коэффициенти 25,5 пайызды түзгөн (ушул жылдын 1-январына карата – 22,4 пайыз).

## 3.2. ПАЙЫЗДЫК ЧЕНДЕР

### 3.2.1. Акча рыногу

2007-жылдын үчүнчү чейрегинде банк тутумундагы ликвиддүүлүк деңгээли, олуттуу өзгөрүүлөргө карабастан, жетишээрлик жогорку деңгээлде калган. Натыйжада, отчеттук мезгилдин биринчи жарымында банктар аралык кредит рыногундагы жагдай туруктуу болуп, улуттук валютадагы карыздык ресурстарга болгон пайыздык чендер 2,4 – 2,5 пайыз деңгээлинде сакталган. Бирок, август айынын ортосунда улуттук валютадагы банктар аралык кредиттердин наркы боюнча өсүш катталган. РЕПО-операциялары сегментинде чен отчеттук чейректе орточо алганда өткөн чейректеги тиешелүү көрсөткүчкө караганда 0,2 пайыздык пунктка өсүп, 2,9 пайызды түзгөн. Улуттук валютадагы банктар аралык кредиттердин наркы 0,2 пайыздык пунктка төмөндөө менен 2,4 пайызга чейин жеткен, буга четөлкө валютасын күрөөгө коюу менен нөлдүк чен боюнча келишилген бүтүмдөр таасир эткен (үстүбүздөгү жылдын экинчи чейрегинде буга окшогон кредиттер берилген эмес). 2006-жылдын үчүнчү чейрегиндегиге салыштырганда РЕПО-операциялары сегментиндеги орточо пайыздык чен 0,7 пайыздык пунктка төмөндөгөн, ал эми улуттук валютадагы банктар аралык кредиттер сегментинде чен 0,2 пайыздык пунктка кыскарган.

Ички банктар аралык кредит рыногунда четөлкө валюталарында жүзөгө ашырылган операциялар сегментинде чендердин деңгээли бүтүмдөрдүн мөөнөтүнө жана күрөө түрүнө жараша 1,0 пайыздан 9,0 пайызга чейинки диапазондо өзгөргөн. Отчеттук чейрек ичинде орточо алганда четөлкө валюталарындагы банктар аралык кредиттердин наркы өткөн чейректин деңгээлинде калган 6,4 пайызды түзгөн. Өткөн жылдын ушул мезгилиндегиге салыштырганда ушул кредиттер боюнча чен негизинен кредиттөө мөөнөтүнүн көбөйүшүнөн улам 2,0 пайыздык пунктка жогорулаган.

**3.2-сүрөт. Акча рыногунун чендик динамикасы**




2007-жылдын үчүнчү чейрегинде Улуттук банк өз ноталарын үстөк ликвиддүүлүктү жеңилдетүү каражаты (инструменти) катары көбүрөөк колдоно баштаган. Июль айынын соңунан тартып Улуттук банктын ноталарын сунуштоо көлөмү акырындык менен жума ичинде 32 млн. сомдон 150 млн. сомго чейин көбөйгөн. Бирок коммерциялык банктар тарабынан суроо-талап жогорулаган эмес, ал эми айрым аукциондордо эмиссиянын жарыяланган көлөмү берилген билдирмелердин көлөмүнөн олуттуу арткан. Натыйжада Улуттук банк ноталарынын рыногундагы жагдай отчеттук мезгил ичинде туруксуз болуп, мезгилдин аягына карата ноталардын кирешелүүлүгү кыйла өскөн. Улуттук банктын жүгүртүү мөөнөтү 14 күн болгон ноталарынын кирешелүүлүгү ушул жылдын экинчи чейрегиндегиге караганда чейрек ичинде орточо алганда 0,7 пайыздык пунктка өсүп, 3,9 пайызды түзгөн, ал эми 28 күндүк ноталар сегментинде болсо чен 0,1 пайыздык пунктка, 4,2 пайызга төмөндөгөн. Мында Улуттук банктын эсептик чендин 28 күндүк ноталарынын кирешелүүлүгүнө байланышкан мааниси бир мезгилдин акырына карата чейрек башындагыга салыштырганда 3,6 пайыздык пунктка көбөйүү менен 7,4 пайызды түзгөн.

1,5 коэффициентти камтыган эсептик ченге теңделген «овернайт» кредиттери боюнча чен бир мезгил акырына карата 11,1 пайызды түзгөн. Отчеттук мезгилде Улуттук банк коммерциялык банктарды «овернайт» кредиттерин берүү аркылуу рефинансылоо боюнча операцияларды жүргүзгөн эмес.

2007-жылдын үчүнчү чейрегинде Улуттук банк банк тутумундагы үстөк ликвиддүүлүктү жеңилдетүү максатында РЕПО шарттарында МКВларды сатуу аукциондорун жарыялаган жана коммерциялык банктар менен 1549,5 млн. сом суммасында кайтарым РЕПО-келишимдерин жүзөгө ашырган. Улуттук банктын РЕПО-операцияларынын көлөмү өткөн чейрекке салыштырганда 1,7 эсеге көбөйгөн, алар боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 0,5 пайыздык пунктка, 4,2 пайызга чейин жогорулап, мөөнөттүлүгү 30 күн деңгээлинде сакталган.

Каралап жаткан мезгилде Улуттук банк депозиттик эсептерге коммерциялык банктардын каражаттарын кабыл алууну уланткан, алардын көлөмү үчүнчү чейректе ушул жылдын экинчи чейрегиндегиге салыштырганда төмөндөө менен 472,0 млн. сомду түзгөн. Депозиттик операциялар 7 күн (чени 1,8 пайыз) жана 1 ай (чени 2,0 пайыз) мөөнөтүндө жүзөгө ашырылган.

Мындан тышкары, Улуттук банк үчүнчү чейректе үстөк банк ликвиддүүлүгүн 246,2 млн. сомго жеңилдетүү менен көлөмү 6,5 млн. АКШ долларын түзгөн кайтарым СВОП-операцияларын жүргүзгөн. Бул операциялардын орточо мөөнөтү 62 күндү түзгөн.

### 3.2.2. Мамлекеттик казына векселдери

Ушул жылдын үчүнчү чейрегинде МКВлардын биринчилик рыногундагы жагдай туруктуу бойдон калган. Мезгилдин акырына карата гана МКВлардын эмиссия көлөмдөрүнүн көбөйүшү жана Улуттук банктын ноталарынын биринчилик рыногунда чендердин өсүшү шарттарында рыноктун бардык сегменттеринде векселдердин кирешелүүлүгүнүн жогорулашы катталган.

**3.3-сүрөт. МКВлардын кирешелүүлүк динамикасы**




МКВлардын жалпы орточо салмактанып алынган кирешелүүлүгү отчеттук мезгил ичинде 7,1 пайызды түзгөн, бул өткөн чейректегиге салыштырганда 0,6 пайыздык пунктка көп. Кирешелүүлүктүн эң жогорку өсүшү жүгүртүү мөөнөтү 12 ай болгон МКВ сегментинде байкалган.

2006-жылдын үчүнчү чейрегине салыштырмалуу МКВлардын кирешелүүлүгүнүн жалпы деңгээли 3,2 пайыздык пунктка төмөндөгөн, мында кирешелүүлүктүн орточо деңгээлинин төмөндөшү МКВ рыногунун бардык сегменттеринде катталган.

## 3.3. АЛМАШУУ КУРСУ

Үстүбүздөгү жылдын үчүнчү чейрегинде валюта рыногунда негизинен депозиттердин жана эмгек мигранттарынын акча которууларынын агылып келиши менен шартталган четөлкө валютасын үстөк сунуштоо

сакталып калган. Улуттук банк рынок конъюнктурасын текшилөө максатында АКШ долларларын сатып алуу операцияларын жүргүзгөн. Натыйжада АКШ долларынын алмашуу курсу июль-август айларында тар диапазондо өзгөрүп турган. Бирок, сентябрь айынын башында америка валютасынын алмашуу курсу ички рынокто анын үстөк сунушталышынын жана АКШ долларынын курсунун тышкы рыноктордо негизги дүйнөлүк валюталарга карата басаңдоо таасири астында чоң арым менен төмөндөй баштаган.

Валюта тооруктарында доллардын орточо салмактанып алынган курсу чейрек ичинде 3,1 пайызга төмөндөө менен отчеттук мезгилдин акырына карата 36,7924 сом/АКШ долларын түзгөн. Алмашуу бюролорундагы доллар сатуу курсу 4,6 пайызга азайып, сентябрдын акырына карата 36,2242 сом/АКШ долларын түзгөн.

АКШ долларынын эсептик курсу отчеттук мезгилдин аягына карата 36,8994 сом/АКШ долларын түзүү менен чейрек ичинде 2,8 пайызга төмөндөгөн.

**3.4-сүрөт. АКШ долларынын эсептик курсунун өзгөрүү арымы**




Ички валюта рыногунун нак акча сегментинде евро курсунун динамикасы, адаттагыдай эле, тышкы рыноктордогу өзгөрүүлөргө дал келген. Чейрек башынан тартып август айынын ортосуна чейинки бирдиктүү европа валютасын сатуу курсу алмашуу бюролорунда 51,0-52,3 сом/евро диапазонунда өзгөрүүлөргө дуушар болуп, кийинчерээк курстун бекемделүү тенденциясы басымдуу болгон. Сентябрь айынын акыркы декадасында гана валюта баасы төмөндөй баштаган. Жалпысынан чейрек ичинде еврону сатуу курсу алмашуу бюролорунда 1,6 пайызга жогорулоо менен сентябрь айынын акырына карата 52,1360 сом/еврону түзгөн. Ушул мезгилдин аягында эсептик курс чейрек ичинде 2,7 пайызга көбөйүү менен 52,3012 сом/еврону түзгөн.

Сомдун номиналдуу эффективдүү алмашуу курсунун (НЭАК) орточо мааниси 2007-жылдын үчүнчү чейрегинде өткөн жылдын тиешелүү чейрегиндегиге караганда 1,8 пайызга көбөйгөн. Үстүбүздөгү жылдын сентябрь айынын акырына карата НЭАК индекси 126,6 түзгөн. Ушул жылдын тогуз

айы ичинде 2006-жылдын тиешелүү мезгилиндегиге салыштырганда НЭАК индексинин орточо мааниси 3,2 пайызга көбөйгөн.

Сомдун реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун (РЭАК) орточо мааниси ушул жылдын үчүнчү чейрегинде өткөн жылдын тиешелүү мезгилиндегиге караганда 2,8 пайызга көбөйүп, өсүш өткөн чейректегиге караганда 1,2 пайызды түзгөн. 2007-жылдын сентябрь айынын акырына карата РЭАК индекси 95,5 түздү. РЭАК индексинин орточо мааниси ушул жылдын тогуз айы ичинде өткөн жылдын тиешелүү мезгилиндегиге салыштырганда 1,4 пайызга өскөн.

2007-жылдын үчүнчү чейрегинде РЭАК индексинин көбөйүүсү Кыргыз Республикасында инфляция деңгээлинин негизги соода өнөктөштөрү болгон мамлекеттерге салыштырганда жогору болушу жана сомдун алмашуу курсунун чыңдалышы менен шартталган. Кыргызстандагы инфляция ушул жылдын каралап жаткан мезгилинде 5,5 пайызды түзсө, ал эми Россияда бул көрсөткүч 1,8 пайызды, Казакстанда – 3,8 пайызды түзгөн. Мында экинчи чейрекке салыштырмалуу үчүнчү чейректе сомдун алмашуу курсу казак теңгесине карата 2,1 пайызга, АКШ долларына карата – 0,7 пайызга чыңдалган, ал эми орус рублине карата баасы 0,7 пайызга төмөндөгөн.

**3.5-сүрөт. Реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун (РЭАК) жана номиналдуу эффективдүү алмашуу курсунун (НЭАК) индекстеринин динамикасы**

Индекс 2000=100




## 3.4. СУРОО-ТАЛАП ЖАНА СУНУШ

### 3.4.1. Тышкы суроо-талап

Ыкчам маалыматтар боюнча Кыргыз Республикасынын соода балансынын тартыштыгы үстүбүздөгү жылдын үчүнчү чейрегинин жыйынтыгы боюнча 276,2 млн. АКШ долларын түзгөн, 2006-жылдын ушул эле мезгилинде бул көрсөткүч 270,9 млн. доллар болгон эле.

Тышкы соода жүгүртүү (ФОБ баалары боюнча) ушул жылдын үчүнчү чейрегинде 38,2 пайызга көбөйүп, нарктык мааниде 912,9 млн. АКШ долларын түзгөн. КМШ өлкөлөрү менен товар жүгүртүү 45,0 пайызга, алыскы четөлкө мамлекеттери менен – 31,2 пайызга өскөн. Товар жүгүртүүнүн өсүшү экспорттук-импорттук операциялардын көлөмдөрүнүн көбөйүшү менен түшүндүрүлөт.

**3.6-сүрөт. Соода балансы**




Товарлардын экспорту (ФОБ баасында) 2007-жылдын үчүнчү чейрегинде 2006-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда 63,3 пайызга көбөйүү менен 318,4 млн. АКШ долларын түзгөн. Бул өсүш КМШ өлкөлөрүнө товарларды экспорттук берүүнүн 69,9 пайызга, ал эми алыскы четөлкөлөргө 56,0 пайызга көбөйүшү менен түшүндүрүлөт. Алтынды экспорттоо нарктык мааниде 62,4 млн. АКШ долларын түзгөн, бул өткөн жылдын үчүнчү чейрегиндеги көрсөткүчкө караганда 37,2 пайызга көп. Экспорт, алтынды эсепке албаганда, 71,3 пайызга өскөн.

Экспорттун функционалдык түзүмүндө[4] негизги үлүш аралык товарларга (экспорттун жалпы көлөмүнүн 29,0 пайызы), энергопродуктыларга (28,1 пайыз) жана керектөө товарларына (25,9 пайыз) туура келген. Жалпысынан, экспорттун бардык статьялар боюнча өсүшү байкалган. Мунай заттарын өнөктөш өлкөлөргө реэкспорттоонун эсебинен энергопродуктыларынын (2,5 эсе) өсүшү өзгөчө мааниге ээ болгон.

Экспорттун географиялык түзүмүндө[4] КМШ өлкөлөрү алдыда болуп, алардын салыштырма салмагы экспорттун жалпы көлөмүнүн 55,4 пайызын түзгөн. КМШ өлкөлөрүнө экспорттоо 70,5 пайызга өсүп, 174,3 млн. АКШ долларын түзгөн. Кыргыз экспортунун негизги пайдалануучулары болуп Казакстан (КМШ өлкөлөрүнө экспорт көлөмүнүн 40,6 пайызы), Россия (32,4 пайыз), Өзбекстан (21,8 пайыз) эсептелет. Бул өлкөлөргө негизинен электр энергиясы, цемент, портландцемент, сүт азыктары, тигилүү кийимдер, тапталган айнек, жемиштер экспорттолгон.

Алыскы четөлкөлөргө экспорт 57,4 пайызга өсүү менен 140,4 млн. АКШ долларын түзгөн. Экспорттук операциялар боюнча негизги өнөктөштөр болуп Швейцария, Кытай жана Афганистан саналган. Швейцарияга экспорт 36,8 пайызга өсүү менен 62,7 млн. АКШ долларын түзгөн. Бул өсүш ушул мамлекетке алтынды экспорттук берүүнүн өсүшү менен түшүндүрүлөт. Кытайга экспорт көлөмү 2,8 эсеге өсүү менен 30,2 млн. АКШ долларын түзгөн. Афганистанга экспорт көлөмү 17,8 млн. АКШ долларын түзүп, 22,6 пайызга өскөн, бул негизинен дизель отунун жана автомобиль бензинин реэкспорттоо эсебинен ишке ашкан.

[4] Улуттук банктын маалыматтарын эсепке албаганда, Улуттук статистика комитетинин жана Мамлекеттик бажы комитетинин маалыматтары боюнча.

Товарлардын импорту[5] (ФОБ баасында) ушул жылдын үчүнчү чейрегинде өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 27,6 пайызга өскөн жана нарктык мааниде 594,5 млн. АКШ долларын түзгөн. КМШ өлкөлөрүнөн импорт 33,9 пайызга, ал эми алыскы четөлкөлөрдөн – 21,6 пайызга көбөйгөн.

Импорттун функционалдык түзүмүндө[6] (СИФ баалары боюнча) бардык статьялар боюнча өсүш байкалган. Эң жогорку салмактанып алынган салмак 2007-жылдын үчүнчү чейрегинде энергопродуктыларына (импорттун жалпы көлөмүнүн 28,4 пайызы), инвестициялык (26,3 пайыз) жана керектөө товарларына (25,9 пайыз) туура келген.

Импорттун географиялык түзүмүндө[6] (СИФ) КМШ өлкөлөрүнүн салыштырма салмагы 56,2 пайызды, ал эми алыскы четөлкөлөр – 43,8 пайызды түзгөн. КМШ өлкөлөрүнүн ичинен импорт операциялары боюнча негизги өнөктөштөр болуп Россия (КМШ өлкөлөрүнөн импорттун жалпы көлөмүнүн 67,6 пайызы), Казакстан (19,0 пайыз), Украина (6,0 пайыз) жана Өзбекстан (5,6 пайыз) эсептелет. Өзгөчө Украинадан импорт кара металлдан жасалган буюмдардын, шоколад азыктарынын, ошондой механикалык жабдуулардын келип түшүү эсебинен бир топ (2,5 эсеге чейин) жогорулаган. Алыскы четөлкөлөрдүн ичинен товарлардын негизги берүүчүлөр болуп мурдагыдай эле Кытай жана АКШ эсептелген, аларга бул өлкөлөрдөн импорттун жалпы көлөмүнүн тиешелүүлүгүнө жараша 35,4 жана 22,4 пайызы туура келет. Өзгөчө АКШдан импорт, нарктык мааниде 67,6 млн. АКШ долларын түзүү менен кыйла (2,5 эседен жогору) өскөн. Бул өсүш самолет жана вертолеттордун запастык бөлүктөрүн берүүнүн өсүшү менен түшүндүрүлөт. Кытайдан импорттук берүүлөр 67,0 пайызга өсүү менен 106,4 млн. АКШ долларын түзгөн. Кытайдан импорттун товардык түзүмүндө, негизинен, байланыш жабдуулары, слесардык-монтаждоо каражаттары, атайын багытта колдонулуучу автомобилдер, эмерек сыяктуу товарлар болгон.

### 3.4.2. Ички суроо-талап

#### 3.4.2.1. Жеке керектөө

ИДП түзүмүндө пайдалануу элементтери боюнча үй чарбасындагы түпкү керектөөгө чыгашалардын көбөйүү тенденциясы уланган. Жеке керектөөнүн өсүш арымынын ылдамдашы калктын керектөөчүлүк активдүүлүгүнүн жогорулашын, ошого жараша, акыркы эки жыл ичинде байкалып жаткандай, эмгек мигранттарынан келип түшкөн акча которуулардын келип түшүүсүнүн өсүшү себептеринин бири болгон, жарандардын колундагы реалдуу кирешелеринин жогорулаганын күбөлөндүрүп турат. Эмгек акынын жогорулашы кирешелердин өсүшүнө оң таасир эткен. Мисалы, үстүбүздөгү жылдын январь-сентябрь айларында бир кызматкердин

[5] Алып сатарларды жана жеткире баалоолорду эске алуу менен СИФ баасындагы импорт 627,3 млн. АКШ долларын, соода балансынын тартыштыгы – 308,9 млн. АКШ долларын түзгөн.

[6] Улуттук банктын маалыматтарын эсепке албаганда, Улуттук статистика комитетинин жана Мамлекеттик бажы комитетинин маалыматтары боюнча.

номиналдык орточо айлык эмгек акысынын өлчөмү өткөн жылдын ушул эле мезгилиндегиге салыштырганда үчтөн бирге чейин өскөн, бул өсүш реалдуу мааниде 23,6 пайызды түзгөн.

Андан тышкары, каттоодон өткөн жумушсуздардын саны 2007-жылдын 1-октябрына карата 2006-жылдын тиешелүү мезгилиндегиге салыштырганда 3,1 пайызга төмөндөп, бул да болсо калктын кирешелеринин жалпы көбөйүшүнө түрткү берген.

### 3.4.2.2. Мамлекеттик чыгашалар

Каралып жаткан мезгилде чыгашалардын көп үлүшүн күндөлүк керектөөлөргө чыгашалар ээлеген, бул өлкөдө нак акча сунушунун өзгөрүүсүнө өзгөчө таасир көрсөтөт. Мисалы, эмгек акыга жана Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна чегерүүлөр бюджеттик каражаттардын жалпы көлөмүнүн 37,9 пайызын түзгөн, бул өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 5,9 пайызга жогору. Ошондой эле социалдык жөлөкпулдарга жана субсидияларга чыгашалардын (17,6 пайыз) үлүшү да жетишээрлик жогору деңгээлде сакталган.

2007-жылдын январь-сентябрь айларындагы мамлекеттик бюджеттин кирешелери, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда реалдуу мааниде (КБИге корректировкалоо менен) 28,3 пайызга, чыгашалар – 4,3 пайызга көбөйгөн. Акча каражаттарынын профицити көрсөтүлгөн мезгил ичинде (Мамлекеттик инвестициялар программасын эске албаганда) 2492,2 млн. сомду же ИДПга карата 2,5 пайызды түзгөн.

### 3.4.2.3. Инвестициялар

Отчеттук чейректе негизги капиталга инвестициялар өткөн жылдын үчүнчү чейрегине салыштырганда 1,7 эседен көбүрөөк өсүү менен, 8153,3 млн. сомду түзгөн. Инвестициялардын негизги үлүшүнүн көлөмү өткөн жылдын үчүнчү чейрегине салыштырганда дээрлик эки эсеге көбөйгөн подряддык жумуштарга туура келген. Негизги капиталга инвестициялар, негизинен, ишканалардын, уюмдардын өздүк каражаттарынын жана калктын каражаттарынын эсебинен каржыланган. Ошону менен бирге, бюджеттик

**3.7-сүрөт. Негизги капиталга инвестициялардын түзүмү**



каражаттардын эсебинен инвестициянын жогорулоосу, ошондой эле инвестиция көлөмдөрүнүн тышкы булактардын эсебинен, эң оболу, чет өлкөлүк кредиттерди алуунун эсебинен жогорулашы катталган.

Өздөштүрүлгөн инвестициялардын жалпы көлөмүндө эң ири үлүш туракжай курулушуна (24,9 пайыз), тоокен казып алуу өнөржайына (14,3 пайыз), транспорт жана байланышка (13,4 пайыз) туура келген.

### 3.4.3. Ички дүң продукт

Үстүбүздөгү жылдын январь-сентябрь айларында өлкөдө экономикалык активдүүлүктүн жанданышы байкалган. 2007-жылдын тогуз айынын жыйынтыгы боюнча реалдуу ички дүң продукттун өсүш арымы, Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин алдын ала баа берүүсү боюнча 8,5 пайызды түзгөн (2006-жылдын январь-сентябрь айларында – 2,7 пайыз). Реалдуу ИДПнын өсүшү өндүрүштүн реалдуу көлөмдөрүнүн, эң оболу, экономиканын төмөндө келтирилген тармактарында көбөйүшү менен шартталган: транспорт жана байланыш тармагында – 39,1 пайызга (2031,6 млн. сомго), соодада – 11,7 пайызга (1716,0 млн. сомго), өнөржайда – 6,3 пайызга (768,2 млн. сомго) жана курулушта – 39,2 пайызга (707,2 млн. сомго). «Кумтөр» алтын кенин казып алуу ишканаларын эске албаганда ИДПнын өсүшү реалдуу мааниде 2006-жылдын январь-сентябрь айларындагы 5,5 пайызга караганда 9,2 пайызды түзгөн.

**3.8-сүрөт. ИДПнын реалдуу өсүшү**




Мында ИДП түзүмү каралып жаткан мезгил ичинде анча өзгөргөн эмес: кыйла салыштырма салмак айыл чарбасына туура келген, анын үлүшү 1,8 пайыздык пунктка, 29,2 пайызга чейин кыскарган; сооданын салыштырма салмагы 18,1 пайыздан 18,6 пайызга көбөйүп, ал эми транспорт жана байланыш тармактарынын үлүшү 1,8 пайыздык пунктка, 8,2 пайызга чейин өскөн. Өнөржай продукциялары отчеттук мезгил ичинде ИДПнын жалпы көлөмүндө 14,8 пайызын түзгөн.

**3.9-сүрөт. ИДПнын түзүмү**



# 4. АКЧАКРЕДИТ САЯСАТЫ БОЮНЧА НЕГИЗГИ ЧЕЧИМДЕР

## 4.1. УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫНЫН НЕГИЗГИ ЧЕЧИМДЕРИ

Төмөндө Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын акчакредит саясаты боюнча 2007-жылдын үчүнчү чейрегинде кабыл алынган негизги чечимдери келтирилген:

1. 2007-жылдын 22-августунда Улуттук банк Башкармасы тарабынан «2007-жылдын биринчи жарым жылдыгы үчүн акчакредит саясаты жөнүндө отчет» каралган. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын №38/1 токтому.
2. 2007-жылдын 27-августунда Улуттук банк Башкармасы тарабынан «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2007-жылга акчакредит саясатынын максаттуу багыты жөнүндө билдирүүсү» каралып, эске алынган. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын №40/1 токтому.
3. 2007-жылдын 27-августунда Улуттук банк Башкармасы тарабынан «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2007-жылга акчакредит саясатынын максаттуу багыты жөнүндө биргелешкен билдирүүсү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Улуттук банктын токтомунун долбоору каралган жана жактырылган. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын №40/2 токтому.
4. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2007-жылдын 30-августундагы №385/40/2 токтому менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын инфляцияны оздуктоо боюнча биринчи кезектеги чаралар жөнүндө биргелешкен билдирүүсү жактырылган жана Кыргыз Республикасында инфляцияны оздуктоо боюнча ишчаралар планы бекитилген.
5. 2007-жылдын 19-сентябрында Улуттук банк Башкармасы тарабынан төмөнкү маселелер каралып, алар боюнча тиешелүү токтомдор кабыл алынган:
   5.1. №42/1 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын нотaларын чыгаруу, жайгаштыруу, жүгүртүү жана төлөө тууралуу жобого өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө». Бул өзгөртүүлөр жана толуктоолор банк тутумундагы ликвиддүүлүк деңгээлин жөнгө салууда колдонулуучу каражаттарды кеңейтүү максатында киргизилген. Токтом Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинде каттоодон өткөрүлгөндөн кийин, расмий жарыяланган учурдан тартып күчүнө кирген (Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинде 2007-жылдын 17-октябрында 95-07 номеринде каттоодон өткөрүлгөн).
   5.2. №42/2 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын «овернайт» кредити жана «бир күндүк» кредити боюнча күрөөлүк камсыздоо жөнүндө». «Овернайт» кредити жана «бир күндүк» кредит

боюнча күрөөлүк камсыздоо базасын кеңейтүү максатында Улуттук банк Башкармасы башкы банк аркылуу жайгаштырылуучу мамлекеттик баалуу кагаздарды (МКВ, Улуттук банктын ноталары) жогоруда көрсөтүлгөн кредиттер берилген күндөн тартып алты айга чейинки мөөнөттө төлөө күнүн белгилөө менен күрөөгө кабыл алуу чечимин чыгарган. Бул токтом расмий жарыяланган учурдан тартып күчүнө кирген.

5.3. №42/3 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын эсептик чени жөнүндө». Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын эсептик ченин аныктоо механизминин натыйжалуулугун мындан ары өнүктүрүү максатында, Улуттук банк Башкармасы тарабынан башка белгиленбесе, Улуттук банк Башкармасы башкы банктын эсептик чени катары Улуттук банктын жүгүртүү мөөнөтү 28 күндүк ноталарынын кирешелүүлүгүнүн ноталарды жайгаштыруу боюнча акыркы 20 аукциондогу орточо алынган маанисин эсептөө чечимин кабыл алган. Бул токтом менен Улуттук банктын эсептик ченинин өзгөрүлүшүнүн жумалык мезгил аралыгы аныкталган. Документ 2007-жылдын 8-ноябрынан тартып күчүнө кирген.

5.4. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2007-жылдын 25-сентябрындагы №43/7 «Милдеттүү камдык талаптарды эсептөөдө колдонулуучу доллардын алмашуу курсу жөнүндө» токтомуна ылайык 2007-жылдын октябрь айынан 2008-жылдын май айына чейинки мезгил аралыгында милдеттүү камдык талаптарды эсептөө үчүн АКШ долларынын катталган курсунун мааниси 1 АКШ доллары үчүн 37,0 сом өлчөмүндө белгиленген.

## 4.2. АКЧАКРЕДИТТИК ЖӨНГӨ САЛУУ КОМИТЕТИНИН НЕГИЗГИ ЧЕЧИМДЕРИ

Акчакредиттик жөнгө салуу боюнча комитет (мындан ары – Комитет) акчакредит чөйрөсүндө ыкчам чечимдерди иштеп чыгууну жана кабыл алууну жүзөгө ашырат. Чечимдер Комитет тарабынан жума сайын кабыл алынат жана акча рыногунда калыптанган жагдайга баа берүүлөрдүн натыйжаларына негизделет. Операциялардын көлөмү Комитет тарабынан банк тутумунун абалын жана салык-бюджет чөйрөсүндөгү жагдайды эске алуу менен, ошондой эле, Улуттук банктын 2007-жылга акчакредит саясаты жөнүндө билдирүүсүндө жана 2007-2009-жылдарга акчакредит саясатынын негизги багыттарында белгиленген жакырчылыкты кыскартууга жана экономикалык өсүшкө түрткү берүүгө багытталган программалардын чегинде белгиленген акчакредит саясатынын максаттуу көрсөткүчтөрүнө таянып аныкталат.

Комитеттин сунуш көрсөтмөлөрү:

1. Банк тутумунан үстөк ликвиддүүлүктү жеңилдетүү максатында РЕПО шарттарында баалуу кагаздарды сатуу боюнча аукциондорду өткөрүү сунушталган. МКВларды сатуу көлөмү отчеттук мезгилде 1549,5 млн. сомду түзгөн.

2. Банк тутумунда ликвиддүүлүктүн жалпы деңгээлин эске алуу ме-

нен Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жума сайын өткөрүлүүчү аукциондордо жүгүртүү мөөнөтү 14 жана 28 күн болгон ноталарды сатуунун сунушталган көлөмүн 32 млн. сомдон 150 млн. сомго чейин көбөйткөн. Отчеттук мезгилде Улуттук банктын жүгүртүү мөөнөтү 14 жана 28 күн болгон ноталарын сатуу боюнча жарыяланган бардык 13 аукцион өткөрүлгөн, мында суроо-талап көлөмү сатуу көлөмүнөн дээрлик 1,5 эсеге арткан.

Жүгүртүү мөөнөтү 14 күн болгон ноталардын орточо салмактанып алынган кирешелүүлүгү 2007-жылдын июнь айынын акырына карата болгон 3,07 пайыздан ушул эле жылдын сентябрь айынын акырына карата 6,28 пайызга чейин өскөн (2006-жылдын декабрынын акырында – 2,92 пайыз), ал эми 28 күндүк ноталар боюнча ушул эле мезгил аралыгында 3,86 пайыздан 7,43 пайызга чейин көбөйгөн (өткөн жылдын декабрынын акырына карата 3,15 пайыз).

Рефинансылоонун рыноктук чендерин аныктоо жана жөнгө салуу үчүн колдонулуучу Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын эсептик ченинин өлчөмү үчүнчү чейректе мурункудай эле Улуттук банктын жүгүртүү мөөнөтү 28 күн болгон ноталарынын кирешелүүлүгүнө тең болгон.

3. Банк тутумунун ликвиддүүлүк деңгээлин ыкчам жөнгө салуу боюнча мүмкүнчүлүктү жогорулатуу максатында Улуттук банк 2006-жылдын декабрь айынан бери пайыздык чендерди жөнгө салуунун жана үстөк ликвиддүүлүктү жеңилдетүүнүн жаңы каражаттарын (инструментин) – коммерциялык банктардын Улуттук банктагы мөөнөттүү депозиттерин пайдаланып келүүдө.

Отчеттук мезгилде коммерциялык банктар менен бардыгы болуп 472,0 млн. сом суммасында 7 күндүк жана 1 айлык мөөнөткө, тиешелүүлүгүнө жараша 1,8 жана 2,0 чен боюнча депозиттерди жайгаштыруу боюнча 21 бүтүм келишилген.

4. МКВлар рыногунун бардык сегменттеринде отчеттук мезгил ичинде кирешелүүлүктүн алгылыктуу жогорулашы катталган. Алсак, жүгүртүү мөөнөтү 3 ай болгон МКВлардын кирешелүүлүгү июнь айынын акырындагы 4,80 пайыздан сентябрь айынын акырында 5,62 пайызга чейин, жүгүртүү мөөнөтү 6 ай болгон МКВлар боюнча – 4,95 пайыздан 6,05 пайызга чейин, жүгүртүү мөөнөтү 12 ай болгон МКВлар боюнча – 5,61 пайыздан 9,06 пайызга, 18 ай болгон МКВларда – 8,14 пайыздан 11,91 пайызга, ал эми жүгүртүү мөөнөтү 24 ай болгон МКВлар боюнча – 10,01 пайыздан 14,82 пайызга чейин көбөйгөн.

5. Улуттук банк Кыргыз Республикасы кабыл алган өзгөрүлмөлүү алмашуу курсу саясатын улантып келүүдө. Улуттук банктын валюта рыногундагы иш аракети сомдун АКШ долларына карата алмашуу курсунун кескин өзгөрүүсүн текшилөөгө багытталган.

Отчеттук мезгилде Улуттук банктын таза сатып алууларынын көлөмү 85,7 млн. АКШ долларын түзгөн. Улуттук банк ички рынокто, эң оболу, четөлкө валютасын сатып алуучу катары июль-август айларында жана сентябрь айынын акырында катышса (88,7 млн. АКШ доллары), сатуучу ката-

ры – ушул жылдын сентябрь айынын башында (3,0 млн. АКШ доллары) катышкандыгын белгилеп кетүүгө болот. Ошондой эле отчеттук мезгилде (сентябрь айынын башында) Улуттук банк 1,5 млн. АКШ доллары көлөмүндө накталай четөлкө валютасын сатуу боюнча жана 1,5 млн. АКШ доллары болгон консигнация операцияларын жүргүзгөн.

Сомдун АКШ долларына карата эсептик курсу ушул жылдын үчүнчү чейреги ичинде 2,8 пайызга, 2007-жылдын башындагыга салыштырганда 3,21 пайызга бекемделип, сентябрь айынын акырына карата 36,8994 сом/АКШ долларын түзгөн (2006-жылдын декабры айынын акырына карата – 38,1238 сом/АКШ доллары).

6. Банк тутумунда ликвиддүүлүктү жөнгө салуу максатында, коммерциялык банктардан суроо-талап түшкөн шартта, четөлкө валютасы менен кайтарым СВОП-операцияларын жүзөгө ашыруу сунушталган. Кароого алынып жаткан мезгилде жүзөгө ашырылган СВОП-операцияларынын көлөмү 6,5 млн. сом.

## 4.3. 2007-ЖЫЛДЫН ТӨРТҮНЧҮ ЧЕЙРЕГИНДЕ КҮТҮЛҮҮЧҮ ИНФЛЯЦИЯГА БАА БЕРҮҮ

Өтүп жаткан жылдын тогуз айы ичинде инфляция 10,3 пайыз деңгээлинде түзүлүп, 2007-жылдын максаттуу көрсөткүчүнөн арткан. 2007-жылга карата инфляциянын максаттуу деңгээли жашылча-жемиш, эт жана сүт азыктарына болгон баанын сезондук төмөндөшүн, ошондой эле негизги тамакаш азыктарына баанын алгылыктуу (эң оболу, нан азыктары жана майлар) жогорулашын болжолдоодон улам түзүлгөн. Ошентсе да, атамекендик экономиканын дүйнөлүк баа конъюнктурасына өтө эле көз карандылыгы жана сырттан болгон баа таасирине каршы турууга жөндөмсүздүгү Кыргызстанда инфляция арымынын өтө ылдамдашын шарттаган.

Калктын кирешелеринин өсүүсү, анын ичинде мамлекеттик бюджеттин социалдык чыгашаларынын жогорулашы инфляция деңгээлинин өсүшүнүн кошумча фактору болуп эсептелген.

Бул басылманын чыгуу мезгилине карата колдо болгон маалыматтарды эске алганда, ушул жылдын октябрь айында тамакаш товарларына, өзгөчө нан жана сүт азыктарына, майларга жана тоң майларга баалардын кескин көтөрүлүүсү байкалган. 2007-жылдын ноябрь-декабрь айларында тамакаш товарлары рыногунда баа жагдайы Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан көрүлгөн чаралардын натыйжасында турукташууда.

Улуттук банктын баалоосу боюнча, 2007-жылдын төртүнчү чейрегинде керектөө бааларынын индексинин өсүшү октябрь айындагы баалардын кескин көтөрүлүүсүн эсепке алуу менен 10,0 пайыздан ашпайт (2006-жылдын төртүнчү чейрегинде инфляция 2,5 пайызды түзгөн).